УДК 377.6

Н.М. ЖУНУШАЛИЕВА
*E.mail. ksucta@elcat.kg*

# УНИВЕРСИТЕТТИН КОМПЛЕКС ШАРТЫНДАГЫ «КОЛЛЕДЖ-ЖОЖ» БИЛИМ СИСТЕМАСЫ

*Орто жана жогорку звенолордун өсүп жаткан мүмкүнчүлүктөрүн интеграциялаган бирдиктүү билим берүү системасын иштеп чыгып, түзүү зарыльдык экени ачык көрүнүп турат. Автор бул тараптагы ишти уч этапка болуп, "колледж-жож" билим берүү системасын негиздөө идеяларын Эл аралык инновациялык технологиялар университетинин базасында Инновациялык технологиялар жана экономика колледжинин бирдиктуу билим беруу мейкиндигин долборлоо болуп эсептелинет.*

*Вполне очевидной становится социальная потребность в разработке и создании единой образовательной системы, интегрирующей развивающие потенциалы среднего и высшего звена. Одним из возможных направлений решения данной проблемы является проектирование образовательной системы «колледж-вуз» Колледжа Инновационных Технологий и Экономики в условиях университетского комплекса Международного Университета Инновационных Технологий.*

*It is quite evident the social need for the development and creation of a unified education system that integrates developmental potentials of middle and senior managers. One possible solution to this problem is the design of the educational system "college-university" College of Innovative Technology and Economics in a university campus of the International University of Innovative Technologies.*

Азыркы учурдагы адистин атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн жогорку деңгээли, анын эмгек рыногундагы адистик ыкчамдыгы жана ишенимдүүлүгү болгон бардык мүмкүнчүлүктөрдү натыйжалуу ишке ашырууга даярдыгы түздөн-түз билим берүүнүн сапаты менен аныкталат. Ошондуктан, айлана-чөйрө, жаратылыш жана коом менен болгон карым-катнаштардын айкашуусунун жүрүм-турум стратегиясын чыгармачылык менен жакшыртууга жана түзүүгө жөндөмдүү болгон билимдүү, компетенттүү өнүккөн адисти тарбиялоо анын стратегиялык максаты болуп саналган билим берүү мекемеси маанилүү маданий-билим берүүчү институт болуп эсептелет.

Билим берүүнү кайра түзүүнүн оптимисттик келечегине жетишүүдө, аны менен катар билим берүү иерархиясынын бардык субъекттеринин ортосундагы өз ара пайдалуу байланыштарды түзүүдө алдынкы рол анын баштапкы жана ортонку звеносунун алдыга жылып жаткан системалуу өнүгүүсүнө тийиштүү.

Педагогикалык теория жана практика көрсөткөндөй ар түрдүү билим берүү мекемелеринин ортосунда дайыма эле керектүү билим берүүчүлүк өз ара көз карандылык байкала бербейт. Өзгөчө орто жана жогорку окуу жайлар ортосундагы белгиленген бир интегративдүү мамиленин таптакыр жоктугу ачык эле көрүнүп турат. Мисалы, жогорку окуу жайларына тапшырууда ортонку звенодогу көп кырдуу адистик окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнө карата коюлган талаптарга алардын билим деңгээлинин туура келбестиги.

Бул жагынан билим берүүнүн тийиштүү методологиялык негиздерин иштеп чыгуу, анын мазмунун кайра карап чыгып өзгөртүү, окуучуларды адистикке даярдоо сапатын эл аралык стандартка жана жергиликтүү эмгек рыногунун талаптарына ылайык жогорулатуунун педагогикалык-уюштуруу шарттарын аныктоо, окууну андан ары да кийинки билим деңгээлдеринде улап кетүүгө мүмкүнчүлүктөрдү камсыздоо зарылдыгы

келип чыгат.

Орто жана жогорку звенолордун өсүп жаткан мүмкүнчүлүктөрүн интеграциялаган бирдиктүү билим берүү системасын иштеп чыгып, түзүү социалдык зарылдык экени ачык көрүнүп турат. Бул көйгөйдү чечүүнүн мүмкүн болгон бирден-бир багыттарынын бири болуп университеттик комплекс шартында “колледж-жож” билим берүү системасын долбоорлоо саналат.

Университеттик комплекс шартындагы “колледж-жож” билим берүү системасы студенттердин адистик компетенттүүлүгүнүн калыптануу процессинин педагогикалык таасирдүүлүгүн жогорулатат, эгерде:

– долбоорлоо, билим берүү иерархиясынын деңгээлдик функционалдашуу процесстерин көп кырдуу оптималдаштыруу жагында, прогноздук маалыматтарды даярдоо жагында, стратегиялык багыттарды табуу жана билим берүү инновациялык өнүгүүсүн детерминдеген факторлордун негизинде татаал педагогикалык көрүнүштөрдү жана процесстерди системалаштыруу жагында философиялык, социалдык-экономикалык жана адистик-педагогикалык идеяларды маалыматтык жактан синтездеген илимий билимдин жана өзгөчө билим берүү ишмердүүлүгүнүн дисциплиналар аралык категориясы катары каралса; бул жагдайда педагогикалык долбоорлоонун жалпы илимий негизи катары интегративдүү, прогноздук жана компетенттүү ыкмалардын ылайык келген мүмкүнчүлүктөрүн мазмун-маани жагынан конкреттештирүү турат;

– долбоорлоо көп кесипке даярдоочу билим берүү мекемелеринин полифункционалдык жашоо ишмердүүлүгүнүн жаңы мүмкүнчүлүгүн жогорулатууга жардам берсе, түзүмдүк компоненттердин максаттуу билим берүү жагынан өз ара карым-катыштарын камсыздаса, инсанды адистик жактан өзүн-өзү даярдоо жана өзүн-өзү компетенттүү жакшыртууга болгон зарылдыкты актуалдаштырууга мүмкүндүк берсе, келечектеги адистерди калыптандырууда өндүрүштүк тажрыйбанын аксиологиялык функциясын ишке ашырууга өбөлгө түзсө;

– “колледж-жож” билим берүү системасын долбоорлоонун негизги мүнөздөмөсү, функциясы жана мыйзам ченемдүүлүгү аймактык, социалдык-экономикалык жана билим берүү өзгөчөлүгүн, эмгек рыногунун жана билим берүү кызматтарынын өзгөчөлүгүн, билим берүү субъекттеринин керектөөлөрүн жана кызыкчылыктарын, инсанды социалдаштыруу, кесиптештирүү жана компетенттүү өнүктүрүү өзгөчөлүктөрүн эске алган долбоордук модификациялоо, социалдык детерминдештирүү, системалуулук, өзгөчөлүүлүк жана илимий принциптерин педагогикалык ишке ашыруунун мазмундук-маанисинде болсо;

– “колледж-жож” системасында мазмундук негизин университеттик интеграциянын илимий-билим берүүчүлүк жана жаңы-эвристтик мүмкүнчүлүгү түзүп, компоненттик функционалды ишке ашыруу окуу пландарынын, жумушчу программалырынын, окуу-методикалык комплекстеринин жана билим берүү технологияларынын сыйымдуулугун көздөгөн, студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун өзгөрмө модели түзүлсө;

– Теоретикалык-методологиялык, илимий-методикалык жана жалпы педагогикалык деңгээлине карай башкаруунун иерархиялык түзүмүн “колледж-жож” билим берүү системасынын ишмердүүлүгүн уюштуруу-педагогикалык, илимий-методикалык, материалдык-техникалык жана финансылык-экономикалык камсыздоонун таасирдүүлүгүн жогорулатууга өбөлгө түзгөн педагогикалык процесси түзгөн жана ишке ашырган негизги функциялардын, компоненттердин жана этаптардын биримдигинде билим берүү бүтүндүгүн камсыздаган педагогикалык долбоорлоонун интегративдүү модели иштелип чыкса;

Баштапкы этапта адистик билим берүү мекемелеринин, россиялык жана эл аралык иш тажрыйбаларды башкаруу органдарынын тажрыйбасына ылайык окуп үйрөнүү жана анализдөө жүргүзүлгөн. Үзгүлтүксүз кесиптик билим берүү шартында билим берүү системаларынын функционалдашуу жана өнүгүү маселелери боюнча булактар, педагогикалык долбоорлоонун маңызы изилденип жана анализденген, бул процесстин

каршылыктары ачылып көрсөтүлүп, аларды чечүүнүн теоретико-практикалык шарттары аныкталган жана түшүндүрмө-терминологиялык аппараты такталган.

Чогулган теоретикалык жана эмпирикалык материал боюнча көйгөй белгиленип, изилдөөнүн максаты, гипотезасы жана милдеттери коюлган. Концептуалдык негиздери маалымданып, “колледж-жож”системасында үзгүлтүксүз кесиптик билим берүү шартында билим берүү системаларын педагогикалык долбоорлоонун атайы өзгөчөлүктөрү аныкталган.

Кийинки этап өзүнө үзгүлтүксүз кесиптик билим берүү шартында билим берүү системаларын педагогикалык долбоорлоо концепцияларынын теоретикалык негиздерин жана практикалык жактан жүзөгө ашыруу логикасын ондоп-түзөөнү камтыйт. Изилдөөнүн мүнөздүү өзгөчөлүгү болуп, макаланын автору Инновациялык технологиялар жана экономика колледжинин (ИТЭК) директору тарабынан “колледж-жож” билим берүү системасын негиздөө идеяларын этап-этабы менен практикалык жактан ишке ашырылган, Эл аралык инновациялык технологиялар университетинин базасында ишти уюштуруу саналат.

Үчүнчү этапта изилдөөнүн натыйжаларын системалаштыруу жана жалпылаштыруу жүргүзүлүп, университеттик комплекс шартында “колледж-жож” бүтүндөй билим берүү системасынын функционалдашуусунун педагогикалык таасирдүүлүгү анализденет, жана негизги тыянактар жана практикалык жолдомолор аныкталат.

Бүгүнкү күндө, интегративдүү, маалыматтык, компетенттик жана аксиологиялык сыяктуу бири-бирин толуктаган мамилелердин биримдигин көрсөткөн университеттик комплекс шартында “колледж-жож” билим берүү системасын долбоорлоонун концепциясы иштелип чыкты деп айтса болот. “Колледж-жож” билим берүү системасын долбоорлоонун педагогикалык таасирдүүлүгү анын моделдик инвариантынын концепциясын практикалык жактан ишке ашырылуусу ийгиликтүү камсыздалып жатат. Моделдик инварианты аксиологиялык, гносеологиялык жана праксеологиялык түзүүчүлөр биримдигинде инсандын кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптануу динамикасы менен критериалдык жактан тастыкталган.

Концепциянын очогун мыйзам ченемдүүлүк комплекси жана аларга ылайыктуу билим берүү системасынын өнүгүү факторлорунун объективдүү жана субъективдүү, тышкы жана ички, актуалдуу жана потенциалдуу, чыныгы жана мүмкүн болгон өз ара карым-катышынын маңыздык мүнөздөмөсүн чагылдыр унивеситеттик комлекс шартында “колледж-жож” билим берүү системасын долбоорлоо принциптери түзөт.

Билим берүү системасынын өнүгүү келечегин аныктаган социалдык-экономикалык тенденциялары аныкталды жана жүргүзүлгөн изилдөөнүн логикасында “прогноздоо”, “педагогикалык долбоорлоо”, “педагогикалык процессти долбоорлоо”, “педагогикалык моделдөө”, “педагогикалык конструкциялоо”, “ “колледж-жож” билим берүү системасы”, “университеттик комплекстин илимий-билим берүү ресурсу”, “колледждин студентинин функционалдык билимдүүлүгү” түшүнүктөрүнүн мазмуну конкреттештирилди. Дисциплинардык деңгээлде инновациялык “колледж-жож” билим берүү системасын долбоорлоо концепциясы иштелип чыкты.

Кесиптик билим берүүнүн өнүгүүсүнө социалдык-экономикалык, илимий-техникалык, маданий факторлордун таасири аныкталды. Жаңы педагогикалык системаны түзүү, педагогдордун илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүнүн өнүгүшү, педагогикалык илимдин жетишкендиктеринин окуу жайларынын тажрыйбасына сүңгүп кирүү аспектинде долбоорлоонун педагогикалык маңызы жана билим берүү жагынан келекчектүүлүгү негизделди. Долбоорлоонун илимде белгилүү болгон системалуулук, вариативдүүлүк (өзгөрмөлүүлүк), прогнозтикалык (маалыматтык), универсалдык, технологиялык, иерархиялык, программаланган башкаруу сыяктуу принциптери ишке ашырылды. Студенттерге билим берүүнү жана педагогикалык кадрлардын кесиптик квалификациясын фундаменталдаштырууну ишке ашырууга мүмкүндүк берген университеттик комплекстин илимий-билим берүүчүлүк ресурсу белгиленип, аныкталды жана ачылды.

Изилдөөнүн тыянактары жана жолдомолору кесиптик мекемелердеги билим берүү процессинин андан аркы жакшыруусуна кызмат кылат, ошондой эле, билим берүү системаларын долбоорлоонун уюштуруу-мазмундук схемасын иштеп чыгуу менен; окутуунун технологияларын, окуу дисциплиналарын жана билим берүүдөгү сапатты башкаруу системасын долбоорлоодо аны ишке ашыруу менен; долбоорлоо инструменти катары конструктивдүү моделдөө методун негиздөө менен; долбоор ишмердүүлүгүнүн жана студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүнүн сапаттык критерийлерин аныктоо менен; долбоорлоо каражаттары менен билим берүү процессин жакшырттуу боюнча илимий-методикалык жолдомолорду иштеп чыгуу менен аныкталаган студенттердин кесиптик жактан калыптануу аспектинде долбоорлоо тажрыйбасынын өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт.

Изилдөөнүн натыйжаларынын адистерди кесиптик жактан үзгүлтүксүз даярдоо процессине сүңгүп кирүүсүнүн практикалык маанилүүлүгү төмөнкү функционалдашуулардын билим берүү жагынан таасирдүүлүгү менен аныкталат: педагогикалык (билим берүүчүлүк гумандаштыруу чөйрөсүнүн кеңейиши, “колледж-жож” билим берүү системасынын азыктуулук денгээлин жогорулатуу, башкаруунун жаны уюштурууучу түзүмдөрүнүн тереңдеши, жаңы стандартты жана окуу-программалык иш кагаздарын иштеп чыгуу, педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатуу боюнча шыктандыруларды уюштуруу), социалдык-саясий (социумда демократиялык процесстерди бекемдөө жана өнүктүрүү, социалдык каршы пикирлерди, социалдык жеке өз ара катыштардын тирешүүсүн теңдеп таразалоо, калктын кесип жактан камсыз кылуу) жана экономикалык (материалдык, техникалык, кадрлык жана башка ресурстарды рационалдуу пайдалануу; “колледж-жож” билим берүү системасындагы көп кырдуу кесиптик жайлардын ишмердүүлүгүн финансылык-экономикалык, материалдык-техникалык, уюштуруу-педагогикалык, илимий-методикалык жактан камсыз кылуу программаларын иштеп чыгуу).

Университеттик комплекс шартындагы “колледж-жож” билим берүү системасында, негизин университеттин илимий-билим берүүчү жана инновациялык мүмкүнчүлүгү түзгөн, студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптануусунун вариативдүү (өзгөрмө) модели түзүлдү.

Окуу процесси кесиптик колледже кандай болсо, жогорку окуу жайда да студенттердин ийгиликтүү ишмердүүлүгүнүн өсүшүнө багыттала тургандыгы далилденди. Ал үчүн студенттер алдыга коюлган милдеттерди анализдеп, жаңы нерселерди ойлоп табуусу; эмгек процессин аткаруу жолдорун жана каражаттарын ойлонуштуруусу; акыл жактан, физикалык жактан жана эрк жактан кыйынчылыктар менен иштөөсү; алдыга коюлган маселелерди чечүүдө жаңы ыкмаларды колдонуусу; нерселердин түзүлүшүнө, ишти аткаруу жолдоруна жаңы элементтерди киргизүүсү; тапшырманы аткарууда колдонулган жөндөмдөрдү жана көндүмдөрдү сын көз караш менен анализдөөсү керек.

Кесиптик копметенттүүлүктүн калыптануусу жаңыча жана оргиналдуу ой жүгүртө алууга, үйрөнүп жаткан көрүнүштү негизги сапаттык жана белгилик анализи менен, каралган окуу маалыматынын практикада, өндүрүштүк ишмердүүлүктө колдонуу жөнүндө киргизилген жаңы сунуштар жана чыгарылган тыянактар менен изилдөөнүн толуктугу жана терендиги жагынан айырмаланган өз оюн билдире алууга негизделет.

Инновациялык технологиялар жана экономика колледжиндеги окуу процесси студенттердин алып жаткан билимге, көндүмдөргө карата аяр мамилесинин калыптануусу, жана кесиптик татаал маселелерди чечүүгө карай умтулуусу үчүн түзүлгөн.

Эл аралык инновациялык технологиялар университеттик комплексинин илимий-билим берүү ресурстарын колдонуу менен, о.э. маалымат технологияларын, илимий-техникалык, корпоративдик өз ара катыш технологияларын, эксперименталдык жана окуу-лабораториялык жабдыктарды жайылтып, китепканалык жана аудиториялык фондду колледждин жана жогорку окуу жайынын студенттеринин бирге пайдалануусунун негизинде модернизациялоо окуу процессин күчөтүү; баалуулук багыттар жана

мотивациялардын мониторингин жүргүзүү, студенттердин креативдүүлүк, долбоорлук, таанып билүүчүлүк өз алдынчалыгын өнүктүрүү абалдарын түзүп берүү; студенттердин жеке маршруттарын ишке ашыруучу ар кандай тездетилген формадагы (аралыктан окутуу, үзгүлтүксүз эки тепкичтүү билим берүү) үзгүлтүксүз адистерди даярдоонун сапатын жакшыртууну ишке ашыруу менен "колледж-жож" билим берүү системасы билим берүүнүн практикалык-багыттык концепцияларын жана моделин ишке ашыруу негизинде кесиптик компетенттүүлүктүн функционалдык, кесиптик жана креативдик деңгээлдеринин калыптанышын камсыздады;

Бирдиктүү билим берүү мейкиндигин долбоорлоого болгон мындай мамиле студенттин жеке мүмкүнчүлүгүнүн өнүгүү мыйзам ченемдүүлүгүнө таянуу менен педагогикалык процесстин ички резервдерине ачып берүүгө багытталган. Анткени студенттердин мүмкүнчүлүгүнүн өнүгүшү болочок адистин өзүн-өзү баалоосу менен аныктоосун актуалдаштыруунун, өндүрүштүк тажрыйба функцияларын ишке ашыруунун, интеллектуалдык, коммуникативдик, креативдик жөндөмдөрдү, көндүмдөрдү жана компетенттүүлүк багыттарды интеграциялоонун негизинде жетишилет.

**Список литературы**


1. Абасов, 3. А. Проектирование педагогической деятельности / 3. А. Абасов // Мир образования и образование в мире, 2004. - № 4. - С. 140-149.
2. Анищенко, В. А. Методологические основы проектирования образовательных систем в условиях непрерывного профессионального образования / В. А. Анищенко // Профессиональное образование. М., 2006. - № 6. - С. 39-56.
3. Беспалько, В. П. Основы теории педагогических систем (Проблемы и методы психолого-педагогического обеспечения технических обучающих систем) / В. П. Беспалько. Воронеж : Изд-во Воронежского ун-та, 1977. - 304 с.
4. Дитрих, Я. Проектирование и конструирование. Системный подход / Я. Дитрих. М. : Мир, 1981. - 456 с.
5. Тимофеев, В. В. Обеспечение преемственности уровней среднего и высшего профессионального образования в условиях Новгородского университетского комплекса / В. В. Тимофеев. Новгород, 2011. - 87 с.